пропагандалайт. Бүгүнкү күнгө жеткен комуз күүлөрү менен болочок мугалим-музыканттын кругозорун кеңейтет.

Ошондуктан, болочок музыка мугалимдерин даярдаган факультеттердин студенттери үчүн окуу процессинин учурунда репертуарды тандоого зор көңүл бурулат.

Мультимедианы пайдалануу аркылуу кыргыздын белгилүү комузчуларынын музыканттарынын чыгармаларын уктуруу жана архивдик кино-фото, видео тасмалары менен тааныштыруу студенттердин салттуу музыкага болгон мамилесинин олуттуу өзгөрүүсүнө, ага кызыгуусунун артылуусуна жол ачат.

Музыка мугалими олуттуу музыканын мазмунун мектеп аудиториясына жеткириши, окуучуларды музыканы угууга жана түшүнүүгө, ал жөнүндө ой жүгүртө билүүгө үйрөтүшү, өсүп келе жаткан муундун эстетикалык табитин өнүктүрүшү, эстетикалык маданиятын тарбиялашы, бүтүндөй искусстводогу жаңы багыттарды тааныштырышы жана ага үгүттөшү учурдун кечиктирилгис маселелеринен.

Ушул багыттагы тынымсыз аракет гана биздин келечегибиз болгон жаштардын эстетикалык маданиятын калыптандырууга өбөлгө түзүп, ата-бабалардан келе жаткан салттуу музыкабыздын жандануусуна жана калк арасына кеңири жайылышын шарттайт.

Ал эми эстетикалык табити калыптанган, улуттук кенчибиз болгон руханий дөөлөттөрүбүздөн азыктанган жаштар, кыргыз элинин тарыхый жолунан адашпай кылымдарга кыргыз көчүн улантат деп терең ишенсек болот.

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:**

1. Алагушов Б. Кылымдардын кылдары [Текст] / Б. Алагушов. – Фрунзе, 1983.
2. Виноградов, В. С. Киргизская народная музыка [Текст] / В.С. Виноградов. – Ф.: Киргосиздат, 1958. – 334 с.
3. Сухомлинский, В.А. Сердце отдаю детям [Текст] / В.А. Сухомлинский. – Киев: Рязанская школа, 1969. – 198 с.
4. Кабалевский, Д.Б. Прекрасное пробуждает доброе [Текст] / Д.Б. Кабалевский. – М.: Педагогика, 1973. – 334 с.
5. КР Билим берүү мыйзамы. – Бишкек, 2003. – №92.
6. Кайбылдаев А. Кыргыз күүлөрү: иликтөөлөр, ойлор пикирлер. 1-китеп – Бишкек, 2011. – 832 б.

УДК 82
DOI 10.33514/1694-7851-2021-4-49-53

**Дюшалиев Камчыбек Шаменович, Абетекова Алтынай**
Кыргыз Улуттук консерваториясы, окутуучу,
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, аспирант
Искусство таануу илимдеринин доктору, профессор,
КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер
**Дюшалиев Камчыбек Шаменович, Абетекова Алтынай Борончуевна**
Национальной академии наук Кыргызской Республики, аспирант,
доктор искусствоведения, профессор, заслуженный деятель КР
**Dyushaliev Kamchybek Shamenovich, Abetekova Altynai Boronchuevna**
National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, postgraduate student,

Kyrgyz National Conservatory, lecturer,
Doctor of Arts, Professor, Honored Worker of the Kyrgyz Republic

## АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВ - УЛУУ ТӨКМӨ АКЫН
## АЛЫМКУЛ УСЕНБАЕВ – ВЕЛИКИЙ АКЫН-ИМПРОВИЗАТОР
## ALYMKUL USENBAEV - THE GREAT AKYN-IMPROVISER

**Аннотация:** Бул макалада төкмө акын Усөнбаевдин улуулугун жана залкарлыгын тастыктап, анын Токтогулдун “Келгендеги кербезим” аттуу ырын Алымкулдун өзүнүн эң мыкты аткаруусундагы радиодо жазылган үлгүсүнө иликтөө жүргүзүү менен акындын комузда коштоп ырдаганда стилдик өзгөчөлүгү жөнүндө сөз болот.

**Аннотация:** В данной статье идет рассмотрение творчества и личности Алымкула Үсенбаева как великого акына-импровизатора, который исполнял произведения Токтогула Сатылганова с совершенным мастерством. На основе нотированных автором с грампластинок записей произведен анализ с выявлением индивидуального певческого стиля исполнителя.

**Annotation:** The article studies the creativity and personality of Alymkul Ysenbayev as a great akyn -improviser who performed Toktogul Satylganov’s works with perfect mastery. Based on the recording in notes, on phonograph records, the author made an analysis with the identification of the individual singing style of the performer.

**Ачкыч сөздөр:** төкмө акын, кайрык, акындык академиялык стиль, квазиайтыш, коңур, речитатив, аваз.

**Ключевые слова:** акын-импровизатор, мелодическая фраза, акынский академический стиль, подобие айтыш, бархатистый голос, музыкальная декламация, голос.

**Key words:** akyn-improviser, melodic phrase, akyn academic style, aitysh like, velvety voice, musical recitation, voice.

Улуу акын жана комузчу Токтогул Сатылгановдун шакирттеринин бири Алымкул Үсөнбаев кыргыз элинин салттык музыкасында өзүнүн изденүү масштабына, чыгармачылык шык-дараметине жараша орчундуу орду бар инсан эле. Ал акындыктын эң бийик деңгээлине жеткен төкмөлүктүн жогорку баскычын басып салттык импровизаторлукту такай аркалап келген классик акын болгон. Ошону менен бирге ал мыкты комузчу катары Токтогулдун күүлөрүн аткарып Кыргыз радиосунун фонотекасына жаздырган. Ал эми комузчулук жагынан аткаруучулуктун эң сонун үлгүлөрүн көрсөтүп төкмө акындардын эң маанилүү жана составдуу элементи болуп эсептелген ырды аспапта коштоп чертүү ыкмасын бийик көркөмдүк менен колдонгон.

Анткени ал комузду акынчылыктын обонуна ийкемдүү коштоп, экинчи маанидеги ролду ойноп турат дебестен, акынчылыктын башкы эстетикалык маңызы болгон сөз менен обон кайрыктарын ийкемдүү жуурулуштуруп комуздун ролун биринчи маанидеги аткаруучулук көркөмдүккө, баалуулукка көтөргөн. Адатта ар бир чоң акындын жеке чыгарган обон кайрыгы болот эмеспи. Алымкулдун да өзүнө таандык обон кайрыгы бар эле. Анын аткаруучулук өнөрү, ырдоо манерасы башка акындардан айырмаланып турган. Белгилүү музыковед В. Виноградовдун белгилешинче Алымкул өзү ак сөөк аристократ мүнөздүү киши болгондуктан акынчылык аткаруучулуктун академиялык стилине, башкача айтканда, терең салмактуулук, мазмундуулук стилге жакыныраак болгон. Биздин оюбузча Алымкул эпикалык масштабдагы лирик акын эле.

Алымкул Үсөнбаев өзүнүн улуу устаты Токтогул Сатылгановдун саясийсоциалдык деңгээлине, сатиралык маңызына жетпесе да, музыкалык аткаруучулук жагынан анын өнөр деңгээлине өтө жакын десек жаңылыштык болбойт. Анткени алардын жашоо-тиричилик, эл үчүн кызмат өтөө мезгилдери эки башка заманга туш келген. Эки акындын турмушу, чыгармачылыгы бири-бирине окшобогон идеологиянын алкагында эки башка саясий-социалдык жана экономикалык шарттарда жүргөн.

Бирок, ошондой болсо да Алымкул Үсөнбаев устатынан чукугандай сөз тапкычтыкты, сөз байлыктын эң сонун үлгүлөрүн элдик поэзиянын кереметтүү образ жаратуу ыкмаларын үйрөнүп калган. Тактап айтсак, Токтогулдун акындык өнөрүндөгү салттуу 7-8 муундагы ыр түзүлүш формаларын колдонуу тажрыйбасын өздөштүрүп, чыгарган чыгармаларында оригиналдуу жаңы обонго салып ырдаган.

Токтогул Алымкулдун талантын өтө жогору баалаган жана анын акын катары калыптанышына чоң түрткү берген. Алымкулдун үнү өзгөчө кереметүү кайталангыс үн эле. Анын үнүн бардык угуучулар жактырган, элибиз ырчылардын ичинен Мыскалды кандай жактырып суктанышса, акындардан Алымкулдун үнүнө суктанышкан. Үнүнүн диапазону бир жарым октаваны камтыйт. Жалпылап айтсак жумшак коңур үнү бар эле. Бул деген сөзү да, үнү да ачык, тембри коюу, дикциясы даана, добуштары тунук дегенди билдирет.

Музыкалык термин менен айтсак баритоналдык тенор болгон. Мындайча айтканда жоон үндүү акындар менен ичке үндүү акындардын ортосундагы кулак кандырган жагымдуу коңур үн болучу. Добуштары назик баркыттуу, артикуляциялары бышыкталган. Натыйжада жалпысынан жакшы иштетилген, репетицияланып машыгуудан өткөн арген үн менен ырдалган акындык аваздык уникалдуу чыгарма келип чыккан. Көпчүлүк эл билбеген маалымат катары айта кетели - Исхак Раззаков Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы болуп турган кезинде өкмөттүк концерттерге Мыскал менен Алымкулду дайым коштуруп аларга атайын унаа жиберип алдырчу экен.

Мына ушундай жакшынакай аваздык аткаруучулук деңгээлге жеткен залкар төкмө акын А. Үсөнбаев угармандардын сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, бир нече мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болгон, «Кыргыз ССРнин эл артисти» деген наамга жеткен. Ырлары жарыяланып, Жазуучулар Союзуна поэзиянын устаты катары мүчө болуп кабыл алынган.

Жогоруда айтылган Алымкулдун коңур баркытсымал үнү анын өзүнүн устаты "Токтогулдун кербези" деген ырынын биринчи эле сабында "Толгоп тарткан кыл аркан эй!" деген ыр сабын улай жаңырган "эй!" сырдык сөзү менен музыкалашкан бийик нота ушунчалык кооз аткарылып жанды, жүрөктү эритип, жүрөгүңдү элжиретип, жагымдуу сезим менен көздөн жаш чыгарып жыргатып жибергенде, Алымкулга шатыратып кол чапмак тургай кыйкырык сүрөөнгө алып, бата терең ыраазычылыкты билдиргиң келет.

Ушундай учурда аткаруучулуктун бийик деңгээли аныкталып, көркөм өнөрчүлүктүн туу чокусу көрүнөт. Бул оозеки акындык искусствосундагы академизм түшүнүгүнүн пайда болгондугунун белгиси, ошону менен катар ырчылыкта академиялык стилдин жана классикалык үлгүнүн келип чыккандыгы. Ошондуктан муну оозки акын өнөрчүлүгүндө Алымкул Үсөнбаевдин "Келгендеги кербезимди" ырдашы анын жеке өзүнө мүнөздүү аткаруучулук үлгүсү кайталангыс деп айтууга болот. Токтогулдун бул элге таанымал ырын биз Алымкулдун интерпретациясында угуп, илимий анализ жүргүзүп, аткаруучулукта жеке индивидуалдык интерпретациялык табылга экендигин тастыктоо менен автордун оригиналдык чыгармасынын көркүнө көрк кошуп, жаңыдан жашоо тагдырын чечип койгондуктун далилин көрсөттүк.

Биз сөз кылган “Келгендеги кербезимдеги” көркөм эмоциялуу “эй” жаңырык Алымкулга гана тиешелүү болгон. Бул өтө назик, өтө коңур жаңырык Алымкулдун үнүн символдоштуруп турган уникалдуу көрүнүш. Эгерде легендарлуу кыргыз эл ырчысы Мыскал Өмүркановaны “Алымкандын” бир нотасын эки мүнөт созуп ырдаган деп таң калышкан. Ал эми Алымкулду “Келгендеги кербезимдин” бир нотасын бир сыйкырдуу кубулжуган үн менен ырдаган деп таң беребиз.Чынында эле мындай үн чыгарыш төкмө акын Алымкулдан башка эч кимде, эч жерде угулбаган, кезикпеген вокалдык уникум.

Андан башка Алымкулдун ырчы акындык касиетин көрсөтүп турган ири чыгармалардын бири “Токтогул менен Алымкулдун жолугушуусу”. Бул чыгарма салттык классикалык акынчылык искусствонун типтүү жана мүнөздүү чыгармасына кирет. Анткени акынчылыктын тарыхында эзелтеден бери түптөлүп ырчы акындардын жолугушууларында, практика жүзүндө калыптанып, өзүнчө бир чыгармачыл канон сыяктуу адат-көнүмүштөргө айланып калган кадимки айтыш жанрынын бир түрү катары кабылданат. Муну биз диалог сымал айтыштын түрү деп квазидиалог катары эсептээр элек. Бул жанрга тиешеси бар нерсе катары айта кете турган нерсе - өсүп келе жаткан даректүү болочок жаш акын менен улгайып калган тажрыйбалуу чоң акынды жолуктуруп сыноодон өткөрүү салты дайыма бир кадыр-барктуу таанымал көркөм өнөрдү түшүнгөн ага жардамдаш болгон аксакалдар аркылуу жүргөн. Андай адамдарды кыргыздын көркөм дүйнөсүндөгү гумандуу ортомчу күйөрмандары десек болот. Ошондой ортомчу гуманист күйөрман адам Токтогул менен Алымкулдун жолугушуусун уюштурган Сүйөркул деген аксакал болгон.

Биз сөз кылып жаткан бул чыгарма дал ошо максатта жаш акын Алымкул Токтогулдан акындык таалим-тарбия алып калуусуна жол ачып берүү үчүн болгон аракет учурунда жаралган. Ошол ортомчу болгон киши Токтогул Таласка келип той берип жаткан байдын үйүнө Алымкулду ээрчитип барат. Барганда Токтогул чоң боз үйдө ырдап жаткан болот. Ортомчу киши боз үйгө кирип барып, мурунтан тааныш Токтогул менен учурашат. Алымкул жөнүндө айтат. Токтогул ортомчунун суроосун канаттандырып өзүнүн кайрык мотивине салып Алымкулга карата термесин ырдайт.

Алымкул Токтогулга жооп катары өзүнүн кайрык мотиви менен жооп берет. Ошентип ортодо диалог жүрөт. Бул диалог эки акындын эки башка кайрык мотиви менен аткарылат. Алымкулдун аткаруусунда грампластинкада жазылган обонду угуп отурсак эки акындын кайрык мотивдеринин интонациялары бири-бирине окшоп да, окшобой да кетет. Окшоштук менен айырмачылыктын болушу табигый нерсе. Анткени бул чыгарма акынчылыктын жалпы стилинде жаралып ошол стилге мүнөздүү, типтүү кайрыктар, интонациялар жана ыргактар менен ырдалып жатпайбы. Ошол эле учурда жалпы акынчылык стилдин алкагында акындар өздөрүнүн индивидуалдык үн чыгаруу ыкмасын колдонушуп, сөздөрүн музыкалык добуштар менен коздоп көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн далилдеп турат. Квазидиалогдун кайрык-обондорунун окшошуп тургандыгынын себебин дагы тереңдетип айта кете турган болсок, андагы эки акындын ролун, партияларын бир акын аткарып жакткандыктан жана эки партиянын бир тональностто, ми мажордо ырдалышынан ошоштук пайда болду. Ал эми квазидиалогдун кайрык обондорунун окшошпогондугун ырдалып жаткан партиялар ар башка ноталардан түзүлгөндүгүнөн келип чыккан.

Жыйынтыктап айтсак, Алымкул өзүнүн Токтогулдан үйрөнгөн нерселерин чыгармачылык менен колдонуп, өрчүтүү менен бирге өзүнүн жеке индивидуалдык стилин таап кыргыз улутунун төкмө акынчылык өнүрүнүн өсүп-өрчүшүнө өз салымын кошуп, салттык музыкалык

поэтикалык чыгармачылыктын тарыхында жаңы барактарды, жаңы мезгилдерди, жаңы жетишкендиктерди ачып из калтырган улуу төкмө акын.

**Колдонулшан адабияттар:**


1. Виноградов В. С. Киргизская народная музыка [Текст]. — Фрунзе: Киргизгосиздат, 1958. — 334 с
2. Виноградов В. С. Киргизские народные музыканты и певцы [Текст]. — М.: Сов. композитор, 1972. — 96 с.
3. Виноградов В. С. Музыкальное наследие Токтогула. — М., 1961
4. Виноградов В. С. Токтогул Сатылганов и киргизские акыны. — М., 1952.
5. Дюшалиев К.Ш., Лузанова Е.С. Кыргызское народное музыкальное творчество. Учебник. Бишкек, Фонд «Сорос-Кыргызстан», 1999.
6. Дюшалиев К., А. Абетекова От фольклорного пения до вершины профессиональной исполнительской деятельности // КР Улуттук илимдер академиясынын Кабарчысы / - Бишкек, 2018.



УДК 78.08

DOI 10.33514/1694-7851-2021-4-53-57



**Жакыпбек Нургул Бижан кызы**

Курмангазы атындагы Казак улуттук консерваториясы, ага окутуучу

**Жакыпбек Нургул Бижан кызы**

Казахская Национальная консерватория имени Курмангазы, старший преподаватель

**Zhakypbek Nurgul Bizhan kyzy**

Kazakh National Kurmangazy Conservatory, Senior Lecturer


## АЗЫРКЫ ЖЕТТИГЕНДИ ЖАКШЫРТУУНУН ЖОЛДОРУ
## ПУТИ СОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ СОВРЕМЕННОГО ЖЕТЫГЕНА
## WAYS TO IMPROVE MODERN ZHETYGEN


**Аннотация:** Казактардын музыкалык маданиятына, заманбап поп-рок, рок ж.б. чыгармачылык улуттук музыканы жайылтууга терс таасирин тийгизүүдө. Ошентсе да, аткаруучулар жана изилдөөчүлөр улуттук жанрды сактап калууга аракет кылууда. Ушуга байланыштуу, байыркы музыкалык аспаптарды өркүндөтүү жана өздөштүрүү элдик музыканын өчүп бараткан өңүн калыбына келтирүүгө жардам берет. Жетиген, байыркы көп кылдуу чертме аспап катары, 19-кылымдын ортосунда эл арасында жоголуп кеткен. 1965-66-ж. академик, этнограф Болат Сарыбаев тарабынан калыбына келтирилген. Бул макалада куралды өркүндөтүүнүн жана калыбына келтирүү жолунун кыскача сүрөттөлүшү байыркы салтты улантуучуларга жетигендерди калыбына келтирүүнүн туура жолу катары түшүнүүгө жана кабыл алууга мүмкүндүк берет.

**Аннотация:** В музыкальной культуре казахов распространение и пропаганда современного т.е. эстрадного , рок и т.п. творчества негативно влияет на популяризацию национальной музыки. Тем не менее исполнители и исследователи стремятся сохранить национальный жанр. В связи с этим развитие и усовершенствование древних музыкальных